# Ыйман жетимиш канча, же алтымыш канча бутактан турат. Анын эң бийиги "Лаа илааха иллаллоох" сөзү, эң төмөнү жолдон зыяндуу нерсени алып таштоо

Абу Хурайра (ага Алллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) минтип айткан: "Ыйман жетимиш канча, же алтымыш канча бутактан турат. Анын эң бийиги "Лаа илааха иллаллоох" сөзү, эң төмөнү жолдон зыяндуу нерсени алып таштоо .Уяттуулук да ыймандын бир бутагы".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыймандын амалды, ишенимди жана сөздү ичине камтыган бир канча бутактары жана түрлөрү бар экенин кабарлады. Ыймандын түрлөрүнүн эң абзели: "Лаа илааха иллаллоох" келменин маанисин түшүнүү менен, талабын аткарып амал кылуу менен айтуу. Чынында, Аллах Таала ибадат кылууга татыктуу Жалгыз Кудай, Андан башка ибадатка татыктуу кудай жок. Ыймандын амалдарынын эң азы адамдарга зыянын тийгизе турган нерселерди алардын жолунан тазалап алып таштоо. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) уяттуулук да ыймандын бир бөлүгү экенин айткан. Уяттуулук бул жаман иштти таштап, жакшы ишти кылууга түрткү болгон кулк-мүнөз.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee